Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi | Cilt: 4 | Sayı: 2 | 2015
Manas Journal of Social Studies | Vol.: 4 | No: 2 | 2015

# «ЗАМАНА» АГЫМЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

**Докторант Гулзат НУРДИН КЫЗЫ**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультет, Түркология бөлүмү
*gulzatnurkyzy@gmail.com*, *gulzatik@yandex.ru*

**Аннотация**

«Замана» темасы кыргыз адабиятында көптөн бери талкууланып, бирок ушул күнгө чейин түйүнү чечилбей келе жаткан маселелердин бири. Айталы, замана ырлары көркөм идеялык мазмуну жагынан да, жанрдык табияты боюнча да так аныктамасын ала элек. Бул маселени чечүүдө «замана» темасын колго алган изилдөөлөрдү хронологиялык тартипте кароо талапка ылайык. Анткени, маселенин изилдениш тарыхына көз чаптыруу ага берилген айрым сыпаттамалардын берилиш себебин түшүнүүнү оңойлотот.

Макалада «замана» поэзиясынын теориялык маселелеринин изилденүү деңгээли, багыты жана ага берилген айрым аныктамалар туурасында ой жүгүртүлөт. Тагыраак айтканда, аны адабиятка тиешелүү көрүнүш катары “агым” дегенге болобу, же оозеки көркөм сөз өнөрүнүн бир түрү катары гана бааланышы керекпи деген суроолор талкууга алынат.

Жыйынтыгында, «замана» адабий бир агым катары каралуу менен бирге бул кубулуш оозеки көркөм сөз өнөрүнөн башат алган, бир жагынан чыгыш адабиятынан азыктанган, оозеки адабияттан жазма адабиятка өтүү процессин чагылдырган уникалдуу көрүнүш катары бааланат.

**Ачкыч сөздөр**: замана, агым, багыт, арман ыры, реакциялык агым.

## AN INVESTIGATION OF THE LITERARY MOVEMENT ZAMANA

**Abstract**

The subject “Zamana” has been under consideration quite a long time, but there is still any suitable definition for it. Rather, poetry Zamana isn’t determined not only according to main point, but its genre as well. The major purpose of this paper is to look through researches touched on this subject in chronological order. For, looking through its history of studying prior to resolve this matter can help us clearly understand why some inaccurate definitions were given for it.

The level of being researched of the theoretical matters of the poetry “zamana” and definitions given for it will be under consideration in this article. Rather, the question whether it should be defined as a literary movement, or it should be determined as one of the type of the folklore will be discussed.

As a result, “Zamana” has been defined as a literary movement. Besides, it has been described as a phenomenon originating from folklore, nourished from Eastern literature and reflecting process of transformation of folklore to literature.

**Key words**: Zamana, movement, school, arman yry, conservative movement.

## Киришүү

Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийин улуттук, маданий мурастарга кайрылып, аларды ар тараптуу изилдөө зарылчылыгы келип чыкты. Анткени буга чейин

мурунку советтик тоталитардык режим айрым улуттук көркөм мурастардын изилденишине кедергисин тийгизип келген эле. Айрыкча, саясий-идеологиялык кысым илимий изилдөөлөрдүн толук кандуу жүргүзүлүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Ал эми эгемендүүлүктүн шарапаты менен улуттук, маданий-тарыхый «актай калган барактарды» толуктоого, аларга обьективдүү баа берүүгө өбөлгөлөр түзүлдү. Ошентип, бир топ илимий изилдөөлөр колго алынып, өткөн 25 жыл аралыгында белгилүү бир деңгээлге жетти.

Мындай көрүнүштүн бири катары «замана агымын» алсак болоор эле. Кыргыз адабиятында, тарыхында, философиясында жана саясат таануу илиминде бул маселе абдан эле актуалдуу темалардын бирине айланды. «Замана поэзиясы» белгилүү бир деңгээлде ар тараптуу каралып, иликтенип келе жатканы менен өзүнүн теориялык так аныктамасын аликүнчө ала элек. Бул поэзиянын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурган изилдөөчүлөрдүн айрымдары ага «санат, насыят ырлары» (Богданова, 1943: 152) дешсе, айрымдары аны «арман ырларынын» (Саманчин, 1941: 2) бир түрү катары карашат. Ал эми идеялык–көркөмдүк мазмунуна жана формасына карап адабиятчылардын кээ бирөөлөрү аны «агым» (Ибраимов, 2013: 55), «багыт» (Саманчин, 1941: 2) дешсе, айрымдары «агым» да «багыт да эмес» (Асаналиев, 1991: 2), ал «поэзиянын өзгөчө түрү» (Инвентарь, 142: 42) деген жерлери бар. Ошондой эле бул көрүнүштү «тема» (Үкүбаева, 2012: 223) катары кароону сунуштаган пикирлер да кездешээрин белгилөө керек. Бул өңдүү чаташуулардын түйүнүн табуу үчүн «замана поэзиясынын» изилдениш тарыхына жана изилдөөчүлөр сунуштаган ой-пикир, аныктама жана жыйынтыктарына токтолуу зарыл.

## Замана агымынын совет доорундагы изилдениши

Эгер терминология маселесинен баштай турган болсок, «замана» деген сөз кыргыз тилине арап тилинен кирген. Жекелик түрдө«заман» زمان, же «замана» زمانه ал эми көптүк түрдө «азмине» ازمنهдеп колдонулат. «Заман» же «замана» «*убакыт*, *учур*, *доор*, *мезгил*» деп которулуп, бирдей эле колдонула берет. Бирок «замана» деген варианттын «*тагдыр*, *таалай*, *бакыт*» деген да маанилери бар (Devellioğlu, 1999: 246).

«Замана» кыргыз адабиятындагы өзүнчө бир **адабий доор** катары алгач Т. Саманчиндин «Колониялык доордогу биздин адабият» аттуу изилдөөсүндө орун алган. Бул эмгек биринчи жолу 1941-жылы «Советтик адабият жана искусство» журналынын № 5 санында жарыяланган. Андан соң 1943-жылы М. И. Богданова, Ө. Жакишев, Т. Саманчин жана К. А. Рахматуллин тарабынан иштелип чыккан «Кыргыз адабиятынын очерктери» деген эмгектин негизги бөлүмүндө «Зар заман адабияты» деген аталыш

менен жарык көргөн. Аталган эмгектерде, Т. Саманчин XIX кылымдын экинчи жарымынан 1917-жылга чейинки кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө берип, замана поэзиясынын келип чыгышын түшүндүрүү үчүн бул адабий доорду: **колониялык доорго чейинки** жана **колониялык доор учурундагы** деп экиге бөлүп көрсөтөт. Изилдөөчү биринчи доорду эпикалык-баатырдык жанрлардын гүлдөп өнүгүшүн шарттаган доор деп эсептесе, экинчисин болсо «зар заман адабиятынын» келип чыгышына өбөлгө түзгөн доор деген пикирин билдирген. Т. Саманчин «замана агымы» деп атабаганы менен, өзүнчө бир адабий топ, же бир бүтүн багыт катары ошол кездеги оозеки адабияттан бөлүнүп чыгуу процессине чоң басым жасаган. Изилдөөчү бул процессти кыргыз элинин социалдык-саясий акыбалы жана ошол мезгилдеги идеялык талабы катары түшүнөт. Андан тышкары, Т. Саманчин зар заман поэзиясындагы бир катар түйүндүү мсаселелерине токтолуп, аларга: «эзилген элдин абалын баяндаган сюжетсиз, каармансыз кара (арман) ырлар» - деген аныктамасын берген. Кийинчерээк изилдөөчү бул аныктамасын «терме поэма» деген аталыш менен алмаштырып, бул ырларды замандын түрүн ылгап айткан макал же лакап катарындагы ырлар деп сыпаттаган (Саманчин, 1943: 127).

Ал эми М. И. Богданова болсо 1943-жылы жазган эмгегинде «замана поэзиясын» социалдык – саясий эпикалык жанрлардын түрүнө киргизген. Аларды элдик санат, насыят ырларынын негизинде түзүлгөн “социалдык, дидактикалык поэмалар” деп белгилеген (Богданова, 1946: 79).

Айтор, жогорудагы аталган эмгектерде «замана поэзиясы» өзгөчө тарыхый көрүнүш катары бөлүнүп көрсөтүлүп, анын жанрдык түзүлүшүнө алгачкы аныктамалар бериле баштаган. Ал эми заманачы акындар болсо адабий багыты боюнча «реалист акындар» жана «нускоочу акындар» катары карала баштаган. Тилекке каршы, бул маселени изилдөөдөгү жакшы саамалыктар бара-бара туура жолдон адашып, кийинчерээк таптакыр эле башка идеялык жана саясий нукка өтүп кеткен. Атап айтканда, буга баарыбызга маалым болгон 1946-жылдагы Ждановдун адабияттагы космополитизм жөнүндөгү доклады жана ЦК ВКП (б) нын «Ленинград» жана «Звезда» журналдары жөнүндөгү токтомунан” кийинки «саясий, идеологиялык каталарды» издөө тенденциясынын күч алышы себеп болгон. Бул саясий бороондун ызгаардуу эпкини түздөн-түз жаңыдан гана түптөлүп келе жаткан кыргыз адабий илимине тийген.

Бул токтомду кээ бир кыргыз адабият сынчылары түздөн-түз көрсөтмө катары кабыл алып, “саясий каталарды” издөөнүн жолуна түшкөн. Айталы, К. Орозалиев «Кыргызстанда тарихий илимди жана адабиятты өнүктүрүүнүн кезектеги маанилүү

милдеттери» аттуу макаласында Тил, адабият жана тарых институтунун иштерин сынга алып, А. Н. Бернштам, Б. Жамгырчинов жана С. М. Абрамзондун эмгектери менен бирге «Кыргыз адабиятынын очерктеринен» идеологиялык чоң каталарды тапкан (Орозалиев, 1947). Айрыкча, Т. Саманчиндин калемине таандык бөлүмдөн аталган автор: «ката жана көркөмдүк жактан татымсыз чыгармалар ыксыз макталган» - деп белгилеген. Кыскача айтканда, жогоруда аталган окумуштуулардын илимий эмгектеринде **тарыхый чындыктар бурмаланып көрсөтүлүп, өткөндөгүлөр идеялизацияланган** деп сынга алган. Ошондон кийин бул өңдүү сындар, талкуулар дагы да уланып отурган. Бул сындардын өтө таасирдүүсү да, зыяндуусу да П. Балтин, Г. Нуров жана Ж. Самагановдун Т. Саманчиндин эмгектерине арналган макалалары десек туура болот[1]. Алар Т. Саманчин жасаган саясий каталарды көрсөтүп гана тим болбостон, авторду түздөн-түз жазага тартуу, соттоо сунуштары менен чыгышкан.

Жыйынтыктап айтканда, жаңы калыптанып келе жаткан кыргыз адабият сынында чыгармалардын теориялык, жанрдык жана көркөмдүк маселелерин эмес, алардын идеялык жана саясий багытына акцент жасоо күч алган. Баардык нерсе **таптык көз караштардын** чен өлчөмү менен ченелип, ар бир эмгектин **саясий идеологиясына** карап баа берүү тенденциясы толук күчүнө кирген. Өкүнүчтүүсү, бул тенденция өз нугун таап бара жаткан илимий изилдөөлөрдүн багытын теңирден тескери жакка бурган да, эки карама-каршы багытта, б.а. 1) советтик идеологияга төп келген, же 2) ага каршы деген эки жаатты жаратып, изилдөөчүлөрдү эки башка тыянактарга кептелткен. Бул өңдүү карама-каршылык М. Богданованын «Киргизская литература» деген 1947 – жылы чыккан китебин талкуулоо учурундагы стенограммада ачык эле байкалат. Анда Т. Саманчиндин өзү «зар заман адабиятына» берген аныктамаларын кайра карап, «зар замандын» өзөгүн коомдук прогресске каршы **эскичил**, **консервативдүү идея** түзөрүн, элди эзүүчүлөргө каршы үндөбөй, тескерисинче, калктын учурдагы режимге макул экени байкалган деген ойду айтат. Ошентип, окумуштуу мурунку көз караштарынан такыр баш тартат[2]. Так ушундай эле көрүнүш М. Богданованын эмгектеринде байкалат. Маселен, М. Богданова: «Мен замана деген реакциячыл багытка баа берүүдө одоно ката кетиргенмин. Феодалдык–уруучул жогорку катмардын идеологиясын көрсөткөн **реакциялык багытты** мен

[1]Самаганов Ж. Тар жол, тайкы багыт. [Текст]/ Ж.Самаганов // Советтик Кыргызстан.-Ф.: Кызыл Кыргызстан басмасы, 1948, 43-б; Балтин П, Нуров Г, Самаганов Ж. Т. Саманчиндин эмгектериндеги космополитизм жана буржуазиячыл- улутчул рецидивдер // КызылКыргызстан. – 1949.-10-апрель

[2]Стенограмма Заседания Ученого совета Института языка, литературы и истории Киргиз ФАН СССР от 28 января 1948 года “Обсуждение работы тов. Богдановой – «Киргизская литература»”- УИА нын кол жазмалар фонду. Инв №144; Т. Саманчин “Кызыл Кыргызстан” газетасынын редакциясына // Кызыл Кыргызстан, 1948.- 17- апрель

элдин ниетин көрсөткөн багыт катарында баалаганмын. XVII кылымдын акырында XIX кылымдын башында оозеки акындык чыгармалардай эле кол жазма адабияттарында да бири – бирине карама каршы турган эки багыттын: *реакциялык*, феодалдык жана прогрессивдүү, *демократтык* багыттын бар экендиги ачык көрүнө баштайт”- деп «замана агымын» реакциялык агым катары баалайт жана анын жалгыз гана саясий жагын талкуугa ала баштайт (Богданова, 1952: 34-35).

Мындай баш аламандык, тилекке каршы, жаңыдан түптөлүп келе жаткан кыргыз адабиятына жана анын теориялык негизинин түзүлүшүнө, айрыкча XIX кылымдын экинчи жарымы XX башындагы кыргыз акындарынын чыгармачылыгынын иликтенишине кедергисин тийгизген. Натыйжада эки адабий, саясий-идеологиялык багыт: *реакциялык* жана *демократтык* багыт жаралып, бири абдан пайдалуу көрүнүш катары каралса, экинчисин эң бир зыяндуу көрүнүш катары баалана баштаган. 1950-жылдан 1956-жылга чейин замана поэзиясы боюнча “реакциялык агым” деген аныктама өкүм сүргөн. Ырас, мындай аныктама ошол кездеги саясат жана идеологиялык шарт үчүн өтө ыңгайлуу болгон. Бул жылдары кыргыз адабиятында замана агымынын чыгармаларын терең илимий-теориялык жаткан талдоо мындай турсун, ал жөнүндө макала жазуу өтө кооптуу болуп, бул теманы изилдегендердин айрымдары жоопко да тартылган (Исмаилова, 2010: 38).

П. Никитич, А Токомбаев жана К. Юдахин тарабынан жазылган «Забытое богатство» аттуу макала 1956-жылы 10-12-сентябрда кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүндө чоң илимий талкуунун уюштурулушуна түрткү болгон. Бул илимий талкуу Молдо Кылычтын чыгармаларына арналган. Талкууда «Зар заманга» өзгөчө көңүл бурулган. Окумуштуулар эки жаат болуп, анын идеялык тематикалык өзөгүн, акындын «орустар» туурасында реакциялык, же прогрессивдүү көз караштарын талкууга алышкан. Ырас, бул талкууда «зар заманга» тиешелүү объективдүү ой-пикирлер да айтылган. Мисалы, Б.Юнусалиев заманчылардын чыгармаларынын жанрдык түзүлүшүнө көңүл буруп, аны сюжетсиз, тематикалык жактан бири-бирине байланышпаган санаттардан турарын белгилеген (Инвентарь, 142: 39). Бул талкууга келе албай калган М. Богданова өз катында «замана» поэзиясын кыргыздарга ислам дини менен кошо кирген **поэзиянын өзгөчө бир түрү** катары баалап, кара калпак, казак жана түркмөн элдеринде кийинки мезгилдерге чейин **башкача бир агым же багыт катары** өзүн көрсөтүп келгендигине басым жасаган. Изилдөөчү тектеш элдердин «замана позиясынын» социалдык, идеялык багытын салыштырып карап, ар түрдүү акындардын бул темадагы чыгармалары ар башка

идеялык багытта деген тыянакка келет. Ошону менен бирге Калыгулдун «Акыр заманы», Арстанбектин «Тар заманы» жана Молдо Кылычтын «Зар заманы» бири-биринен кескин түрдө айырмалангандыгын баса белгилеп өтөт. Ушул эле талкууда А. Салиев замана поэзиясынын ойлору философиялык жактан начар, кээ бир тизмектерде ойлор курч жана терең эмес, салыштыруулар маанисиз, ал түгүл сандырак деп белгилейт. Бул жыйында «Зар замандын» көркөмдүгү, стили жана мазмуну жагынан да жетишпеген жактары талкууга алынган (Инвентарь, 142: 4).

Жогоруда байкалгандай, Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын оң тараптарын көрсөтүүнү көздөгөн окумуштуулар замана поэзиясын «агым» катары көрсөтүүдөн баш тартып, “поэзиянын бир түрү”, “чыгармачылыктын бир түрү” деген так эмес, **болжолдуу** аныктамаларга токтолушкан.

Кийинчерээк бүткүл союздук масштабга жайылган бул өңдүү талаш маселелерди обьективдүү талдоо максатында, А. Петросян «Споры о наследстве» деген макаласын жазган. Анда изилдөөчү зар заман поэзиясына “чыгыш поэзиясындагы поэтикалык арыз-армандын салттуу формасы” деген аныктама берген. Ал элдин тарыхый оор мезгилдеринде «зар замандар» чыгыш адабиятынын классикалык да, элдик да поэзияда орун алган деген оюн да кошумчаган (Петросян, 1961: 211). Мындан соң «замана» темасына жана жалпы эле «заманачыл акындар чыгармачыгына» кайрылган изилдөөлөр солгундайт. Буга 1960-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин токтомунун жыйынтыгы боюнча Молдо Кылычтын чыгармалары кайрадан айыпталышы, окууга жана элге жайылтууга тыюу салынышы ачык күбө. Молдо Кылычтын чыгармачылыгы менен бирге эле башка «заманачы» акындардын чыгармалары да окутулуудан алынып, саясий зыяндуу чыгармалар катары бааланып «кара сандыкка» салынган. Мындан ары бул темага кайрылуунун өзү кооптуу болуп калган.

### Замана агымы жана анын эгемендик доорунда изилдениши

Жогоруда белгилегендей, заманачы акындарды жана «замана агымын» изилдөө 1988-жылдан, б. а. кайра куруу мезгилинен тартып жаңыдан колго алына баштады. 1988-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин «Молдо Кылыч жана Касым Тыныстановдун чыгармачылыгына баа берүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Бул токтомдо Молдо Кылыч жана Касым Тыныстановдун чыгармачылыгы

боюнча илимий иштер системалуу түрдө жүргүзүлүшү сунушталды[3]. Ага удаа «заманачы акындар» жана алардын чыгармачылыгы туурасында макалалар газета-журналдарга үзгүлтүксүз жарыялана баштады. Айрыкча, 1988-1991- жылдар аралыгында «заманачыл акындар» тууралуу макалалар байма – бай жарыяланды[4].

Ошону менен бирге, «Замана агымы» илимий жактан талаш туудурган маселе катары Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин да адабиятчылар арасында ар түрдүү пикирди жаратып келүүдө. Айрым изилдөөчүлөр «замана агымы» деген аталыштын өзү туура эмес экендигин белгилешет. Айталы, замана поэзиясынын теориялык маселерин иликтеген Ш. Үмөталиев «Заман жана Замана» аттуу макаласында «замана поэзиясынын» «агым» жана «тема, форма» болушу тууралуу талкууну кайрадан жандантып, бул поэзияны «агым» деп атоого каршы пикирин билдирет. Анын ишениминде кандай гана «агым» болбосун бирдиктүү бир идеяны (астын сызган Ш.Ү.) системалуу түрдө аң-сезимдүү өнүктүрүү керек. Ал эми кыргыз адабиятындагы «замана» поэзиясы болсо **ар кандайлыгы** жана **ар кылкалыгы** менен айырмаланат (Үмөталиев, 1988). Буга кошумча, изилдөөчү «замана» темасында ыр чыгаруунун өзү салт болуп калгандыгын белгилеп, ар бир акын бул темага кайрылуу муктаждыгын сезген деген оюн билдирет да, «замана» темасынын түпкү тамырын чыгыш адабий салтынан издейт.

«Зар заман санжырасы» аттуу макаласында Ү. Казыбеков «Замана» агымы же темасына токтолбогону менен «Зар заман» туурасында төмөнкү ой жыйынтыктарын сунуштайт. Ал, биринчиден, «зар заман»- поэтикалык ой жоруулардын өз ара эркин биримдигинен курулган, экинчиден, элдик оозеки чыгармачылыктын сюжеттик-композициялык модель-үлгүлөрүнө түшө бербеген, фолкьлор менен жазма адабияттын катым-катнашын туюндуруп турган **өзгөчө бир симбиоз** деген тыянакка келген. Ошондой эле изилдөөчү «зар замандын» композициясын эркин жана жанрдык чекке камалбаган чыгарма катары белгилеп, аны кыргыз сөз өнөрүндө жанр куруудагы жаңы жөрөлгө катары баалайт.

К. Асаналиев болсо «замана агымы» терминин талдоодо «Токтогул менен Тоголок Молдонун карама-каршысындагы реакциялык багыт деп аталган, адабий окуяларды жөнөкөйлөштүрүү, бир беткей схемалаштыруу жана алдын ала саясатташтыруу үчүн атайын бурмаланган **жасалма термин** (Асаналиев, 1991: 16)»-

[3]Кыргызстан Компартиясынын БК кабыл алган «Касым Тыныстановдун жана Молдо Кылычтын чыгармачылык мурасы жөнүндө» токтому. // Кыргызстан Маданияты.-1988.- 11- августь
[4]Т. Ниязалиев. Адилетсиз унутулган улуу казалчылар. // Советтик Кыргызстан. -1989.-3-декабрь; А . Дөнөнбаев . Акын заманачылар. // Мурас, 1991.-№3; 1989-жылы чыккан Ала - Тоо журналынын № 1, 2, 8, 10, 12 сандарына караңыз.

деген тыянакка келген. Ошону менен бирге, окумуштуу Молдо Кылычтын «Зар заманын» ыр табияты жана сүрөттөлгөн окуясы боюнча «замана» адабиятынан айырмалагандыгын, анын традициялуу чен өлчөмдөрүнө сыйбагандыгын баса белгилейт. Ушул эле ойго жакын пикирди П. Ирисов да айтат. Ал замана агымын **жасалма идеология** катары баалайт да, ислам дининин Борбордук Азияга кириши менен байланыштырат. Ал бардык эле ырчылар бул темага кайрылаарын, бирок айрым ырчылар көбүрөөк ырдагандыктан «заманачы акындар» деп аталып калышкандыгын белгилейт. Изилдөөчү жогорудагы ойлорун: «Заман жөнүндө **ырдоону бир алкакка салып, чек коюуга мүмкүн эмес**» (Ирисов, 2001: 81) -деп жыйынтыктайт.

Ал эми экинчи бир топ замана «агым», же «агым эмес» деген талдоого кирбестен, өз эмгектеринде «замана агымы» деген терминди байма-бай колдонуп келет. Мисалы; «замана» поэзиясынын генезисин изилдеген изилдөөчү А. Обозканов «замана» агымы деген түшүнүктү «реакциялык агым» катары эмес, чыгыш адабиятынын туундусу катары карап, «замана поэзиясы» деген аталыш менен жанаша «замана агымы» деген терминди кеңири колдонгон. Айрыкча изилдөөчү «замана» темасындагы ырларды эки башка багытка бөлүп кароону сунуштайт. Анын айтымында «замана» ырлары:

1. Турмуштун теңсиздиги, ак- карасы, өйдө - ылдыйы өңдүү социалдык маселерди козгогон ырлар;

2. Тарыхый, саясий социалдык жаңылануулорды жана алардын натыйжасында салт-санаалардын бузулушун баяндаган ырлар (Обозканов, 2001: 177) деп эки башка өңүттөн каралууга тийиш. Мында биринчи топко Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы жана Корголдун «замана», «дүнүйө» жана «жокчулук» тууралындагы мазмундаш ырларды киргизип, экинчи топко болсо Калыгулдун «Акыр заман», Арстанбектин «Тар заман» жана Молдо Кылычтын «Зар заман» аттуу ырларын ыйгарган.

Кийинчерээк, Т. Саманчин жана М. Богданова менен башталган «замана позиясынын» жанрдык өзгөчөлүгүнө Б. Кебекова кайрадан кайрылган. Ал Т. Саманчиндин «зар заман» ырлары эзилген элдин абалын баяндаган сюжетсиз, геройу жок кара (арман) ырлар деген аныктамасына үндөш аныктамага токтолгон. Б. Кебекова адамдардын турмушунда жүгү оор, калктын келечеги, коомдук социалдык абалы жөнүндөгү орчундуу проблемаларды санат формасында козгогон ырларды «кара ыр» (Кебекова, 2009: 31) деп атайт да, «замана» ырларын кара ырлардын бир бутагы катары кароону сунуштайт.

Акыркы мезгилдерде «замана поэзиясы» боюнча олуттуу ойлорду адабиятчы О. Ибраимов да айтып келет. Анын пикиринде элдин орус колониализми доорундагы ой-пикирин, протесттик санааларын чагылдырган «замана поэзиясы» - идеялык агым катарында XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында, Орусиянын колониялык башкаруу доорунда келип чыккан жана кыргыз адабиятынын калыптанышы үчүн абдан чоң мааниге ээ (Ибраимов, 2013: 55). Ушундай эле ой А. Эркебаевдин изилдөөлөрүндө да кездешет. А. Эркебаев «замана агымы» деген терминди колдонуу менен бирге, анын келип чыгышынын негизги себеби катары чыгыш адабиятын, ислам динин көрсөтөт, заманизмди кыргыз адабиятындагы элдик «арман» ырлары менен байланыштырат (Эркебаев, 1999: 141).

Жалпысынан алып караганда, «замана поэзиясынын» жанрдык табиятына карап адабият таануучулар «арман ыры», «санат, насыят ыр», « кара ыр» деп, ал эми көркөм-идеялык мазмунуна карап «агым», «багыт», же тескерисинче «агым эмес, багыт эмес» деген аныктамаларды беришкен.

**Корутунду**

Жогоруда белгилегендей, кыргыз адабиятынын изилдөөчүлөрү Т. Саманчин жана М. Богданова 1941-жылдан тартып, XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башындагы кыргыз акындар чыгармачылыгын терең изилдей башташкан. Алар акындардын өмүрү менен чыгармачылыгына, ырларынын теориялык маселелерине токтолуп, бир катар олуттуу тыянактарга келишкен. Т. Саманчин замана поэзиясынын оозеки көркөм сөз өнөрүнөн айырмаланып, өзүнчө өсүп чыккан адабий кубулуш экендигин туура баамдаган. Буга кошумча, окумуштуу бул кубулуштун келип чыгышын тарыхый-маданий салыштыруу методогиясынын негизинде талдап, акындар жашаган доордун тарыхый, саясий-социалдык абалы менен тыгыз караган, жана анын “замана агымынын” келип чыгышына түрткү болгон негизги фактор экендигин белгилеген. Тилекке каршы, Совет бийлигинин тоталитардык режими бул жигердүү башталыштын уланышына бөгөт койгон.

Совет мезгилинде идеологиялык жактан көзөмөл кыргыз көркөм мурастарынын изилденишине чоң залакасын тийгизген. Илимий чындыкты айтуу кыйын болуп, изилдөөчүлөр көркөм чыгарманы идеологиялык мазмунуна карап баалоого мажбур болушкан. Бул жагдайдан “замана поэзиясы” “агым” жана “агым эмес” деген аныктаманын тегерегинде каралып, талаш маселелердин бирине айланган. Чындыгында, бул көрүнүштү “агым” деп кароо теориялык аныктамаларга кайсы бир деңгээлде туура келет. Бирок, совет

мезгилинде бул поэзия эскичил, консервативдүү идеаларды алып жүрөт деп каралып, ал жөн гана “агым” эмес, “**реакциялык** агым” деп Совет бийлигине каршы агым катары көрсөтүлүшүнөн улам бул термин адабий мурастарыбызды коргоого аракеттенген окумуштууларыбызга жана жалпы журтка **жек** көрүндү болуп калган.

Ошентсе да, замана поэзиясын бир адабий процесс катары тагыраак айтканда “агым” катары карабай коюга болбойт. Биринчиден, ал оозеки көркөм сөз өнөрүнөн бөлүнүп чыгып, жазуу адабиятына багыт алып жатат. Экинчиден, мазмундук жагынан да элдик ырлардан айырмаланып, XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башындагы кыргыз элинин маданий, саясий, социалдык жана тарыхый абалын реалисттик түрдө сүрөттөйт. Үчүнчүдөн, акындардын ырларындагы “заман”, “элдин келечеги” туурасындагы ой-толгоолор биринен экинчисине өтүп, кийинкилеринде улантылып жатат.

Жыйынтыктап айтканда, замана поэзиясынын айрым үлгүлөрү өз башатын элдик оозеки адабияттан алган, айрымдары чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнө салынган. Ошол эле учурда, алар алгачкы профессионалдык адабияттын учкундарын да ичине камтыган татаал бир кошулма чыгармалар жана кыргыз адабиятындагы өзгөчө бир кубулуштардын катарына кирет. Мына ушул себептерден улам XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башындагы адабий процессти туура анализдөө үчүн «замана» агым катары айырмаланып берилиши керек.

## Адабияттар:

Асаналиев К.(1991). Башат // Молдо Кылыч. Казалдар.-Ф.: Адабият.

Балтин П, Нуров Г, Самаганов Ж. Т.(1949) Саманчиндин эмгектериндеги космополитизм жана буржуазиячыл- улутчул рецидивдер // Кызыл Кыргызстан. -10-апрель

Богданова М.(1946) Киргизские акыны XIX и начало XX века [Текст] / Богданова М. // Киргизстан. Литературно- художественный альманах.Фрунзе: № 3.

Богданова М.(1952) XIX жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятынын тарыхынын кээ бир маселелери жөнүндө // Мугалимдерге жардам. Фрунзе: № 1

Богданова М.(1943) Некоторые данные по квалификации киргизксого фольклора // Труды института Кыргыз Фил. АН СССР. Том. 1. Фрунзе: №1.

Devellioğlu, F.(1999). Osmanlıca Türkçe Anliklopedik Lûgat. Ankara: Yenişehir

Дөнөнбаев А.(1991) Акын заманачылар // Мурас. Бишкек: №3

Дөнөнбаев А.(1990) Можно ли восстановить связь времен?//Литературный Кыргызстан, Бишкек: № 8, Август

Жаныбекова В. Б.(2003) Ойчул Молдо Кылыч XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз ренессансынын көрүнүктүү өкүлү: дис...канд.филос. наук: 09.00.03. -Бишкек

Ибраимов О.(2013) История кыргызской литературы XX века. Бишкек: Бийиктик

Ирисов П.(2001) Ырчылар чыгармачылыгы. Ош.

Исмаилова Г. К.(2010) Т. Саманчин – адабиятчы жана сынчы. дис...канд.филос.наук: 10.01.01. -Бишкек

Искендерова Ш.(2006) Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын изилдениши: кечээ жана бүгүн. Бишкек. Инв. № 142

Кыргызстан Компартиясынын БК кабыл алган «Касым Тыныстановдун жана Молдо Кылычтын чыгармачылык мурасы жөнүндө» токтому. // Кыргызстан Маданияты.-1988.- 11- август

Казыбеков Ү.(1990) «Зар заман» санжырасынан. // Кыргызстан Маданияты. Бишкек: № 46, 15-ноябрь

Кебекова Б.(2009) Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери.Бишкек: Турар

Никитич П, Токомбаев А, Юдахин К.(1956) Забытое богатство // Литературная газета. Фрунзе: 21-июль

Ниязалиев Т.(1989) Адилетсиз унутулган улуу казалчылар. // Советтик Кыргызстан. 3-декабрь
Обозканов А.(2006) Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. Бишкек: Шам
Обозканов А.(2001) "Замана" поэзиясынын генезиси.Бишкек
Орозалиев К.(1947) Кыргызстанда тарихий илимди жана адабиятты өнүктүрүүнүн кезектеги маанилүү милдеттери // Кызыл Кыргыстан. Фрунзе: 12- октябрь
Петросян А.(1961) Споры о наследстве // Знамя: Литературно художественный и общественно политический журнал. Москва: Правда
Саманчин Т.(1941) Колониялык доордогу биздин адабият // Советтик адабият жана искусство. Фрунзе: № 5
Саманчин Т.(1943) Кыргыз адабиятынын очерктери. Фрунзе: Кыргызмамбас
Сооронов О.(2009) Кол жазмалар жөнүндө сөз I . Бишкек: Турар
Стенограмма Заседания Ученого совета Института языка, литературы и истории Киргиз ФАН СССР от 28 января 1948 года "Обсуждение работы тов. Богдановой – «Киргизская литература»"- УИА нын кол жазмалар фонду. Инв № 144
Тимофеев Л. И.(2007) Теория литературы [Электрондук булак]/ Л. И.Тимофеев.-Казань. режим доступа: old.kpfu.ru›f10/publications/2007/T2.pdf
Тураев Т. Н.(2009) Новый литературный словарь. Ростов н /Д: Феникс
Тураев Т. Н.(1999) Современный словарь //справочник по литературе. / С.И. Кормилев.- Москва: АСТ
Үмөталиев. Ш.(1988) Заман жана "замана" // Кыргызстан Маданияты. Фрунзе: 15- сентябрь
Үкүбаева Л.(1994) Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. Бишкек
Эркебаев А.(1999)Малоизученные страницы истории киргизской литературы. Бишкек: ЖЭКА